# Ааламдашуу доорунда социалдык байланыштардын өзгөчөлүктөрү.

•

## СОЦИАЛДЫК БАЙЛАНЫШТАР

Социалдык байланыштар-бул баарлашуу жана иш-аракеттер аркылуу коомдогу адамдардын, топтордун же жамааттардын ортосундагы туруктуу өз ара көз карандылык, мамилелери. Алар ар кандай чөйрөлөрдө (саясат, экономика, маданият, социалдык жашоодо) калыптанып, адамдарды бирдиктүү коомдук тутумга бириктирип, социалдык нормалар менен жөнгө салынат.т

## ААЛАМДАШУУ ШАРТЫНДА СОЦИАЛДЫК БАЙЛАНЫШТАР ЖАНА ӨЗГӨЧӨЛҮТӨР

- Ааламдашуу шартында социалдык байланыштын өзгөчөлүгү чөлкөмдүк, жеке байланыштардан тармактык, технологиялык ортомчулукка өтүүдө турат. Миграция жана интернет аркылуу байланыштар күчөп, тезирээк жана масштабдуу болуп баратат. Коомдун бардык тармактары санариптешүүдө, коммуникация виртуалдашууда, салтуу коомдогу баалуулуктардын, институттардын сакталышына коркунучтар жаралууда, миграциянын күчөшү, жаштар ошол эле учурда жаштар сапатуу билимге умтулууда.

# Уңгү жолдогу социалдык мамилелер

- Кыргыз коомунун бүтүндүгүн сактоодо социалдык мамилелердин төмөнкү өңүттөрү өзгөчө мааниге ээ:
- - кыргыз жарандарынын ар биринин тилине, жашаган жерине, этностук жана уруулук тек-жайына, диний ишенимдерине карабай, бири-биринин тутунган баалуулуктарына өз ара урмат менен мамиле кылуу;
- - жарандар арасында ынтымакты жана социалдык ырашкерликти бекем орнотууга жарамдуу улуттук баалуулуктарды жалпы элге жайылтуу жана алардын таасирдүүлүгүн арттыруу чараларын иштеп чыгуу;

# мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттар

Уңгужолдун негизги максаты - мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттардын ишин бир нукка салуу менен нарктуу, мекенчил, жоопкерчиликтүү жарандарды калыптандырып, кубаттуу мамлекет куруу.

- \- салттуу үй-бүлө баалуулуктарын таануу жана алардын эл, улут, өлкө бirimдигин жаратуу жана сактоо күчүн пайдалануу; аны алсыратууга, бузууга багытталган, ичтен жана сырттан жасалган аракеттерге өз убагында бөгөт коюу;
- \- эл арасындагы диний ишеним жөрөлгөлөрүнө ылайык түзүлгөн мамилелердин мамлекеттин мыйзам актыларына карама-каршы келишине жол бербөө;

## Ааламдашуу шартында Кыргызстандын келечеги

- 195 өлкө, 7161 тил, анын 40% жоголуп кетүү коркунучунда. Чакан мамлекеттер ааламдашуу шартында ийкемдүү экономикалык адистешүүнү, улуттук маданиятты, билим берүүнү жигердүү өнүктүрүү, санариптик технологияларды колдонуу менен айкалыштыра алышат. Илимдин бардык тармактарында, инновациялык технологиянын акыркы ачылыштарын колдонууга жетишүү, ошону менен илимий ойдун дүйнөлүк кеңдиги менен бийиктигин өздөштүрүү;

# САЛТТЫК КООМДОГУ НЕГИЗГИ ИНСТИТУТТАР

.

- **Экономикалык жана социалдык институттар**-менчик, алмашуу, акча, банктар, ишкелер, ар кандай типтеги чарбалык бирикмелер коомдук байлыкты өндүрүүнүн жана бөлүштүрүүнүн бүтүндөй жыйындысын камсыз кылат, ошону менен бирге экономикалык жашоону социалдык турмуштун башка чөйрөлөрү менен байланыштырат. **Саясий институттар-** саясий максаттарды көздөгөн мамлекет, партиялар, профсоюздар жана башка түрдөгү коомдук уюмдар. Алардын жыйындысы коомдун саясий системасын түзөт. Саясий институттар идеологиялык баалуулуктардын туруктуу сакталышын камсыз кылат,

- **Социомаданий жана билим берүү институттары** маданий жана социалдык баалуулуктарды өздөштүрүүнү көбөйтүүнү жүрүм-турумдун туруктуу социалдык-маданий стандарттарын өздөштүрүү аркылуу адамдарды социалдаштырууну жана акырында белгилүү бир баалуулуктарды жана ченемдерди коргоону максат кылышат. **Ченемдик-санкциялоочу институттар** жүрүм-турумду коомдук-социалдык жөнгө салууну юридикалык жана административдик актыларда бекитилген ченемдердин, эрежелердин жана көрсөтмөлөрдүн негизинде жүзөгө ашырат.

- Эл аралык экономикалык жана саясий мамилелерде чакан мамлекет эки ролду ойной алат. Биринчиден, азыркы шарттарда, дүйнөлүк мейкиндиктеги коопсуздукту кмсыз кылуусу, өзүнүн муктаждыктарын канааттандыруу. Экинчиден, чакан мамлекеттин эл аралык саясий аренадагы ролу анын эл аралык иштерге катышуу мүмкүнчүлүгүнө жана таасир этүү даражасына байланыштуу. Чакан мамлекеттин аброю, анын демилгелери жана иш-аракеттеринен көз каранды.

# Уңгу жолдун максаты, милдеттери жана күтүлгөн жыйынтыктар

- \- өзүнүн өлкөсүн, коомун, үй-бүлөсүн сүйгөн, ошондой эле мамлекеттин экономикалык өсүшүн жана анын коопсуздугун камсыздаган жоопкерчиликтүү жарандардын жаңы муунун калыптандыруучу мамлекеттик, коомдук-саясий, жарандык институттар, түзүмдөр туруктуулук жана натыйжалуулук сапаттарга ээ болот;
- \- Кыргыз Республикасынын мезгил чакырыктарына ишенимдүү жооп берүүгө жөндөмдүү, туруктуу өнүгүүнүн уңгулуу жолуна түшкөн жана ааламдык таасирлерге туруштук бере алган күчтүү, бекем жана гүлдөгөн мамлекетке айланышына алып барат.

- Улуттук сыймык элдин тарыхын, тилин, маданиятын жана салттуу баалуулуктарды сактап, кийинки муунга өткөрүү. Эгемен мамлекеттүүлүктү сактоо. Улуттук келечек үчүн ар бир жаран жоопкерчиликти моюнга алуу.
- Жарандык мекенчилдик кыргыз элинин өзүн-өзү таануусун урматтоо, иденттүүлүгүн сактоо. Жаштарга жарандык мекенчилдик сезими калыптандыруу.

# Көңүл бургандарыңызга рахмат!